*Мадаминов Г.М.*

# АЙЫЛ МЕКТЕПТЕРИНДЕ АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН КАЛЫПТАНДЫРУУНУН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

*Мадаминов Г.М.*

# ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ УСЛОВИЯ ФОРМИРОВАНИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОЙ КУЛЬТУРЫ РОДИТЕЛЕЙ В СЕЛЬСКИХ ШКОЛАХ

*G.M. Madaminov*

# PEDAGOGICAL CONDITIONS OF FORMATION OF PEDAGOGICAL CULTURE OF PARENTS IN RURAL SCHOOLS

*УДК: 37.018.378/37.02*

*Бул макалада окуучулардын, жаштардын билим-тарбия сапаты ата-энелердин педагогикалык маданиятынан да көз каранды экендиги эске алынып, алардын педагогикалык маданиятынын азыркы абалы, проблемалары, ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүү жөнүндө сөз болот. Автордун 25 жылдык "Энелер мектеби" тажрыйбасынын, эксперименталдык иштеринин негизинде түзүлгөн ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүнүн модели жана анын ичинде 8 шарты жөнүндө билдирилет. Алар: Ата-энелерди педагогикалык, китептер менен камсыздоо. Балдардын жаш курагын эске алып тарбиялоочу "энелер мектебин" уюштуруу. Мугалимдердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу. Мугалимдерди бул маселе боюнча максаттуу даярдоо. Мугалимдердин жана ата-энелердин жаңы информациялык чөйрөдө иштөөгө даярдоо. Мектептин бул ишке жетекчилик кылуусу. Айылдагы социалдык мекемелердин бул багытта кызматташуусу. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө жетекчилик кылуучу уюмдун болуусу. Жогорудагы шарттарды ишке ашыруунун технология, методдору сунушталат.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогикалык маданият, ата-энелер, педагогикалык шарттар, педагогикалык модел, технология, метод, "Эне мектеби", тарбия.*

*В данной статье речь пойдет о состоянии педагогической культуры родителей, о проблемах, о методах развития педагогической культуры родителей с учётом того, что уровень знаний и воспитания школьников и подростков напрямую зависит от уровня образования и педагогической культуры родителей. Предоставлена модель прогресса педагогической культуры, которая была разработана из опыта 25-летней авторской "Школы матерей" на основе экспериментальных опытов, а также в статье даны 8 условий для этого. Это: обеспечение родителей педагогическими, методическими учебниками и материалом. Учитывая ранний возраст детей организовать воспитательную "Школу матерей". Повысить уровень педагогической культуры преподавателей. Нацеленная подготовка учителей по этому вопросу. Подготовка родителй и учителей к работе в новой цифровой среде. Регулирование данными задачами школы. Взаимодействие сельских социальных учреждений в этом направлении. Наличие руководящего органа для повышения педагогической культуры родителей. Приведены технология и методы реализации вышеперечисленного.*

***Ключевые слова:*** *педагогическая культура, родители, педагогические условия, педагогическая модель, технология, метод, "Школа матерей", воспитание.*

*This article will focus on the state of the pedagogical culture of parents, about problems, about the methods of development of the pedagogical culture of parents, taking into account the fact that the level of knowledge and education of schoolchildren and adolescents directly depends on the level of education and pedagogical culture of parents. The model of the pedagogical culture's progress is presented, which was developed from the experience of the 25-year-old author's "School of Mothers" on the basis of experimental experiments, and 8 conditions for this are given in the article. This: providing parents with pedagogical - methodical textbooks and material. Given the early age of children to organize an educational "School of Mothers". To raise the level of pedagogical culture of teachers. Targeted teacher training on this issue. Prepare parents and teachers to work in a new digital environment. Regulation of these tasks by the school. Interaction of rural social institutions in this direction. The presence of a governing body for improving the pedagogical culture of parents. The technology and methods for implementing the above are presented.*

***Key words:*** *pedagogical culture, parents, pedagogical conditions, pedagogical model, technology, method, "School of mothers", upbringing.*

Ата-энелердин үй-бүлө тарбиясында балдарын окутуу, тарбиялоо боюнча билим жана билгичтиктерин өнүктүрүүнүн педагогикалык шарттары терең жана кең мазмунду камтыган маанилүү маселе. Ошол себептүү биз алгач "педагогикалык шарт" түшүнүгүн талдасак.

Педагогикалык шарттар – билим берүүчүлүк жана материалдык чөйрөдө, анын иштөөсүнө таасирин тийгизген мүмкүнчүлүктөрдүн, өбөлгөлөрдүн жыйындысы. Педагогикалык шарттар окутуу, тарбиялоонун максатын, милдеттерин, мазмунун, уюштуруу формаларын, ыкмаларын, методдорун, каражаттарын жана жолдорун камтыйт [1].

Ата-энелердин азыркы педагогикалык маданиятынын абалын, көйгөйлөрүн иликтеп, аны өркүндөтүүнүн төмөнкү 8 шартын аныктадык.

***1. Ата-энелерди балдарды тарбиялоого көмөк берүүчү илимий-педагогикалык китептер менен камсыздоо.***

Үй-бүлөдө балдарды туура тарбиялоо үчүн ата – энелердин педагогикалык, психологиялык билимдеринин өстүрүүчү, физиология, гигиена боюнча маалымат берүүчү ж.б. тарбия маселелери боюнча китеп, гезит, журнал менен камсыздоо зарыл. Эксперимент алкагында сурамжылап чыкканыбызда айыл жерлеринде мындай адабияттар жокко эсе экен. Ошол себептен ата-энелер үчүн турмуштук мисалдар менен жазылган, илимий маалыматтарга негизделген “Ата-энелер сиздер үчүн” китеби автор тарабынан жазылып чыгарылды. Анын негизги мазмуну төмөнкү темалардан турат:

1. Үй-бүлө тарбиясында балдардын жаш курак өзгөчөлүктөрүн эске алуу жөнүндө.
2. Ата-эне болуу бул чоң жоопкерчилик.
3. Тарбия баалуулугу, тарбиялоо методдору ж.б. (жалпы 57 тема).

Ата-энелер үчүн жазылган бул окуу колдонуусу окуучулардын ата-энелерине таркатылып, колдонулуп келүүдө.

Ошондой эле бул китепте ата-энелер өз бала тарбиясы жөнүндө китептердин тизмеси сунушталган.

1. *Ж.Баласагын. “Кутту билим”. 1993-ж.*
2. *Ой гүлдөрү 1991-ж.*
3. *Макаренко А.С. “Ата энелер китеби”. 1965-ж. ж.б.*

2015-жылы КРнын мугалимдеринин 3-съездинде сөз сүйлөгөн автордун сунушу менен республикалык “Ата-энелер сиздер үчүн” гезити чыгарылып республикага таратылып келүүдө.

Мындан тышкары ата-энелерге ***“Ата-энелер сиздер үчүн” аттуу 27 пункттан турган кыскача эскерткичти*** чыгардык.

Ошондой эле ата-энелер үчүн атайын ***“Маданияттуу үй-бүлөнүн белгиси”*** аттуу эскертме түзүлүп чыкты.

**2. Балдардын жаш курагын эске алып, тарбиялоочу ата-энелер мектебин уюштуруу шарты.**

Педагогикалык маданиятын өстүрүү максатында аларды атайын максат, программаланган негизде окутуу зарылчылыгы келип чыгууда. Ошол максатта 1997-жылдан бери атайын программанын негизинде “Энелер мектеби” өтүлүп келүүдө.

Төмөндө “Эне мектебинин” жобосу, программасы жана окуу тажрыйбасы жөнүндө кыска маалымат берип кетмекчибиз.

Автордук “Эне мектебинин” жобосунда:

**Максаты:**

*Балдардагы бардык жакшы сапттардын көпчүлүгү энелерден өткөнүн эске алып, айыл жериндеги энелерге үй-бүлөдө балдарды мектепке даярдоо, акыл-эс, адеп-ахлактык тарбиясы жөнүндө алгачкы педагогикалык маалымат берүү.*

Программада алгач 1-11-класстардын ар биринин жаш өзгөчөлүктөрү, моралдык-психологиялык өсүү закон ченемдүүлүктөрү жана ошолорго ылайык тарбиялык таасир берүү методдору камтылды.

Класстар жогорулаган сайын ата-энелерге өтүлүүчү темалар бир аз татаалдашып, жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык темалар камтылган. Мисалы, 9-10-класстарга “Эл жерин сүйүү”, “Досторду туура тандоо”, “Балдар менен туура мамиледе болуу”, “Балдар жана кыздарды тарбиялоонун өзгөчөлүктөрү” ж.б. темалар камтылган. 9-11-класстарга экзамен, зачетко даярдануу, ЖРТга даярдануу, убакытты туура пайдалануу, ишмердүүлүктү уюштурууга үй-бүлөдө тарбиялоого багыт берилген.

Бул жобо, программанын негизинде №3 гимназияда 1997-жылдан бери “Эне мектеби” өтүлүп келүүдө жана аны 1000ден артык энелер бүтүрүп чыгышты.

**3. Мугалимдин, класс жетекчилердин өз билимин өркүндөтүү жана өз алдынча билим алуусу аркылуу педагогикалык маданиятын жогорулатуу шарты.**

Ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун эффективдүүлүгү, көбүнчө мугалимдердин, класс жетекчилердин, жалпы педагогикалык коллективдин педагогикалык маданиятынын деңгээлинен көз каранды. Ошол себептүү ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуунун маанилүү фактору-мугалимдин педагогикалык маданиятын жогорулатуу болуп саналат.

Педагогикалык маданият – педагогикалык нормалардын, жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы, педагогикалык такттын, педагогикалык техника менен чеберчиликтин, педагогикалык сабаттуулуктун жана билимдүүлүктүн көрүнүшү.

Ал эми мугалимдердин педагогикалык маданияты – бул таалим тарбия берүү ишмердүүлүгүн жүргүзгөн адамдардын кесипкөйлүк, тарбиячылык маданияты болуп, ал өз ичине педагогикалык билим, ойлоо, чыгармачылык ж.б. камтыйт.

Мугалимдердин педагогикалык маданиятынын ата-энелердин педагогикалык маданиятынан айырмасы – алар атайын ЖОЖду бүтүргөн дипломдуу адис катары педагогикалык маданиятты мамлекеттик стандарт жана программанын талабына ылайык жогорку даражада билип, өздөштүрүүсү керек. Ошондой адистик даражада педагогикалык маданияты жогорку денгээлде өздөштүргөн мугалим, класс жетекчи, тарбиячылар гана ата-энелердин педагогикалык маданиятынын өсүүсүнө жана калыптануусуна таасир берүүсү мүмкүн.

Мугалимдин педагогикалык маданиятына байланыштуу негизги маселелердин бири алардын адеп-ахлак, кулк мүнөзүнүн сапаттары. Аалым болуу оңой, адам болуу кыйын демекчи, биз мугалимдердин педагогикалык маданиятын өстүрүүдө, алардын чыныгы инсандык сапаттарын: чынчылдык, адамгерчилик, адилеттүүлүк, кичипейилдик, ой-өрүшү кругозорун ж.б. сапаттарын тарбиялап, өстүрүүгө чоң маани берүү зарыл.

Ал эми мугалимдин ишмердүүлүгүн жогорулатуучу жекече сапаттар катары: жарандуулук, ыштиктүүлүк, жоопкерчилик, чыгармачылык ой жүгүртө билүүсү, өз жумушун терең билүүсү, бийик маданияты жана башкалар эсептелет.

Класс жетекчилердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу мектептеги класс жетекчилердин методикалык бирикмесинин жардамында ишке ашырылат.

Ал эми жаш мугалимдердин педагогикалык маданиятын өстүрүү үчүн тажрыйбалуу мугалимдерден үлгү алуу менен "Жаш мугалимдер мектебин" уюштурууга болот. Жаш мугалимдер мектебинин максаты – мектеп, аймак, район масштабында жаш мугалимдерди бириктирип, алардын проблемаларын чечүүгө, педагогикалык кесиптин сырларын үйрөнүүгө, педагогикалык маданиятын өстүрүүгө, билим-тарбия чыгармачылыгын өстүрүүгө жардам берүү. Аймактык, Кыргызстан, дүйнөлүк педагогикалык идея, тажрыйбаны үйрөнүү, устат, чыгармачыл, насаатчы мугалимдер менен байланышты орнотуу. Жогорудагылардын негизинде кесиптик чеберчилигин жогорулатуу (арттыруу) [2].

Мына ушуларды эске алып, биздин эксперименталдык гимназияда ***"Жаш мугалим, тарбиячылардын мектеби***" автор тарабынан уюштурулуп, иштеп келүүдө. Мектептеги сабактар эксперимент алкагында жазылган автордук "Устаттык өнөрү" китебинин жардымында өтүлөт.

2015-ж/ биздин "жаш мугалимдер мектебинин" тажрыйбасынын негизинде ***Лейлек райондук "Жаш мугалимдер мектеби"*** автор тарабынан Лейлек Райондук БББнын колдоосу менен түзүлүп, иштеп келүүдө.

Азыркы күндө ЖММ автор түзгөн жобо жана планга ылайык Баткен облусунун башка район, шаарларындагы мектептерде да иштеп келүүдө жана алардан мыкты педагогикалык маданиятты өздөштүргөн таланттуу жаш мугалимдер өсүп чыгышты.

Бул "ЖММ"да окуу алардын ата-энелер менен иштөө компетенциясын жалпы эле педагогикалык маданиятын өстүрүүдө чоң таасир берүүдө.

**4. Педагог кадрларды ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча максаттуу даярдоо жана кайра даярдоо шарты.**

Ата-энелердинн педагогикалык маданиятын өркүндөтүү мугалимдердин педагогикалык маданиятынан көз каранды, ошол себептүү мектептердеги билим-тарбия сапатын жакшыртуу үчүн ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууну каалаcак, анда:

1. Педагогикалык окуу жайларда болочок мугалим студенттердин ата-энелер менен иштөө компетенттүүлүгүн калыптандыруунун теориялык жана социалдык-педагогикалык маселелерине көңүл буруп, жакшыртуубуз зарыл.

2. Областык жана республикалык мугалимдердин билимин өркүндөтүү институттары жана метод борборлордо курска келген мугалимдер үчүн өзгөчө класс жетекчилер үчүн үй-бүлө, ата-эне менен иштөө, ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча атайын курстарды киргизүү учур талабы деп эсептейбиз.

**5. Мугалимдердин жана ата-энелердин жаңы информациялык чөйрөдө иштөөгө даярдыгы.**

Педагогикалык процесс далилдегендей бүгүнкү күндө канчалык көп окуу куралдары, китеп, компьютер, интернет, электрондук китептер болбосун эч бири мугалим, тарбиячынын балдардын акыл-эс, жан дүйнөсүнө болгон таасирин алмаштыра албайт.

Ошондой болсо да ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууда материалдык чөйрө да маанилүү рол ойнойт. Мында метепте жана үй-бүлөдө ата-энелердин информациялык технологиялардын болуусу жана аларды пайдаланууга үйрөтүү, ата-энелер үчүн бала тарбиясы жөнүндө фильм, слайд, видеоролик жана башкалар топтоштурулуп, демонстрацияланышы керек. Мына ушуларды эске алып төмөндөгүлөр сунушталат:

1. Мектептерди компьютер ж.б. окуу техникалары менен камсыз кылууга көңүл бурулса.

2. Айыл жериндеги бардык эле үй-бүлөдө компьютер болбогондугу үчүн азырынча чөнтөк телефондон пайдалануу.

3. Акырындап үй-бүлөлөрдө интернеттин болуусу үчүн үгүт иштерин жүргүзүү жана ага кызыктыруу.

4. Ата-энелерге зарыл болгон маалымат программаларды интернеттен табууга жардам берүү.

5. Телерадио аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча атайын программа, телеберүүлөрдү, серия-сабактарды уюштуруу. Бул маселеде Баткен облусунун губернаторунун орун басары Ч.Саттарованын колдоосу менен автордун "Эне мектеби" сабактары 2018-жылдын апрель айында 19 күн телесабак болуп, 15-20 минутадан берилди жана бул ата-энелер арасында өтө чоң кызыгуу, колдоону пайда кылды.

**6. Мектептин жана мугалимдер жамаатынын ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө жетекчилик кылуусу жана координатор болуусу.**

Мектеп – айылдагы негизги билим, маданияттын борбору болуп эсептелет. Айыл шартында мектептерде гана жогорку билимдүү адистердин жоон тобу иштегендиктен мугалимдер ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн жетекчиси болуусу кажет. Ошол себептен мектеп, айылдагы тарбиялык иштердин координатору, башчысы болууга максатка ылайык.

Мектептин, үй-бүлө, коомчулуктун тарбия ишинин координациясы төмөнкү формаларда жүрөт.

1. Мектептин тарбиялык иштеринин планын, ата-энелер комитетинин, айыл кеңешинин алдындагы социалдык комитеттин жана айыл өкмөтүнүн, айыл бийинин, клубдун, фельшердик-акушердик пункттун тарбиялык багыттагы иш-чараларын координациялоо.

2. Мектеп ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууда “Энелер мектеби” аркылуу окутуу жана ата-энелердин өз алдынча билимин өркүндөтүүсүнө усулдук жетекчилик кылып уюштуруусу керек. Ошол себептүү ата-энелердин семинар, конференцияларын өткөрүп туруу максатка ылайык.

**7. Айылдагы социалдык мекемелердин, уюмдардын ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүдө кызматташуусу** (мектеп, үй-бүлө, ФАБ, клуб, китепкана, мечит, айыл өкмөтү, участкалык милиция, аялдар, аксакалдар кеңеши ж.б.).

Биздин экспериментибиздин алкагында мындай кызматташууну системалуу уюштуруу максатында автор тарабынан 1997-жылдан баштап АБМИС (Аймактык бирдиктүү методикалык иштер системасы) түзүлүп, анда айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектеп, бала бакчалары, мектептен тышкары билим, маданият уюмдары, үй-бүлө, мечит ж.б. бир максатка - балдарга жакшы билим-тарбия берүүдө кызматташууга багытталып, иш жүргүзүп келүүдө.

Жылына бир жолу айыл өкмөтүнүн аймагындагы бир мектеп же балдар бакчасынын базасында айыл өкмөтү, айыл кеңешинин депутаттары, мугалим, класс жетекчи, тарбиячылар, дарыгер, айыл аксакалдары ж.б. катышкан кичи илимий-практикалык конференция өткөрүп, ал аркылуу айылдык коомчулуктун педагогикалык маданиятын жогорулатуу жана үй-бүлөдө бала тарбиясына көңүлдү буруу боюнча иш жүргүзүүнү колдоо.

**8. Ата-энелердин педагогикалык маданиятын аныктоо, өлчөө каражаттарын өркүндөтүүгө жетекчилик кылуучу иштиктүү оргaндын, уюмдун болуусу жана анын иштөө механизмин түзүү.**

Ата-энелердин педагогикалык маданиятын аныктоо үчүн анкета суроолор иштелип чыгып, апробациядан өткөрүлүп (мониторинг технологиясы) ата-энелердин педагогикалык маданиятынын жогорку, ортоңку, төмөнкү даражасы аныкталды. Эксперименттин жүрүшүндө ата-энелердин педагогикалык маданиятынын жогорку, ортоңку даражалары көбөйүп төмөнкүсү кемиди.

Ар бир мектепте педагогикалык кеңештин чечими жана мектеп директорунун буйругу менен ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө жетекчилик кылуучу тарбиялык завуч, социолог, педагог, класс жетекчилердин метод бирикмесинен турган атайын топ түзүлөт жана ал максаттуу иштеп педагогикалык кеңеште отчет берип турат.

Мектепте ушул бирикме ата-энелердин педагогикалык маданиятын өстүрүүгө жетекчилик кылуучу борбордун, уюмдун милдетин аткарат. Буга ата-энелер комитетинин төрөгасы да мүчө болот.

Ошондой эле, айыл өкмөтү район, област масштабында ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатууга жетекчилик кылуучу уюм, айыл өкмөтү, РайБББ, акимчилик, облустук администрациянын алдында уюштурулса жана атайын пландын негизинде иштеп, семинар, конференция, форумдарды өткөрүп турса жакшы натыйжа берет.

Мисалы: 2017-жылы май айында “эне мектебинин” облустук конференциясы, Лейлек району, Исфана шаарында өткөрүлдү. Ага район акими, айыл өкмөттөрү, ата-энелер жалпы 570 адам катышты.

2017-2018-окуу жылынан баштап КРнын Өкмөтүнүн Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Ч.О. Саттарованын демилгеси жана колдоосу менен облустук координациялык кеңеш түзүлдү жана “Эне мектеби” Баткен облусунун бардык район, шаарларында жайылтылып келе жатат. Бүгүнкү күнгө чейин 10000ге жакын ата-энелер “Эне мектебин ” бүтүп чыгышты.

Мына ошол Баткен облусунда түзүлгөн билим берүүнү жана “Эне мектебин” колдоо боюнча координациялык кеңештин демилгеси жана КР Билим берүү жана илим министрлигинин колдоосу менен 16-апрель 2018-жылы “Коомдогу жаштардын билим тарбия сапатын жакшыртууда “Эне мектебинин” орду жана мааниси” темасындагы эл аралык форум өткөрүлдү.

Форумга КР Билим берүү жана илим министрлигинин статс-катчысы Ж.Ташиев, педагогика илимдеринин доктору, профессор Ж.Каниметов, Ош техникалык университетинин профессору, тарых илимдеринин доктору Б.Нурумбетов ж.б. катышып, сөз сүйлөштү.

Бул форумда **Декларация кабыл алынды**. Анда:

1. “Г.Мадаминов негиздеген “Эне мектеби” аркылуу ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү моделин республиканын башка мектептерине жайылтууга жана колдоого сунуштоо.

2. “Ата-энелер сиздер үчүн китеби” ж.б. ата-энелерге арналган педагогикалык адабияттар, гезит, журналдар массалык түрдө чыгарылып, бардык мектептердин ата-энелерине жеткизүүгө сунуштоо” [3].

Ошондой эле төмөндө ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүүнүн моделини сунуштайбыз.

## АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮ МОДЕЛИ

***МАКСАТЫ:*** Ата-энелердин педагогикалык маданиятын өнүктүрүү.

***КАРАЖАТТАРЫ:*** “Энелер мектеби”. Ата-энелер чогулушу.

***КОМПОНЕНТТЕРИ:*** Компоненттери.

| | | |
|---|---|---|
| **1.** Жалпы маданият | 5. Дене-бой маданияты | 9. Жашоо, эмгек, эс алуу маданияты. |
| **2.** Педагогикалык психология, физиология боюнча билимдердин негиздери. | 6. Ымала маданияты. | 10. Ата-эне, инсандык маданият. |
| **3.** Үй-бүлөлүк, традициялык маданият. | 7. Кеп маданияты. | |
| **4.** Рухий ыймандуулук маданияты. | 8. Этнопедагогикалык маданият. | |

### АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ПЕДАГОГИКАЛЫК ШАРТТАРЫ

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1.** Ата-энелерди илимий педагогикалык китептер менен камсыздоо. | **2.** Балдардын жаш өзгөчөлүгүн эске алып, тарбиялоочу ата-эне-лер мектебин уюштуруу. | **3.** Мугалим, класс жетекчилердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу. | **4.** Мугалимдерди ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу боюнча максаттуу даярдоо жана кайра даярдоо. | **5.** Мугалимдерди жана ата-эне-лердин жаны информациялык чөйрөдө иштөөгө даярдыгы. | **6.** Мектептин жана мугалимдер-дин ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүгө жетекчилиги, координатор болуусу. | **7.** Айылдагы социалдык мекеме, уюмдардын ата-энелердин педагогикалык маданиятын өркүндөтүүдө кызматташуусу. | **8.** Ата-энелердин педагогикалык маданиятын аныктоо,өлчөө өркүндөтүүгө жетекчилик кылуучу уюмдун болуусу, иштөө механизмин түзүү. |

### КРИТЕРИЙЛЕРИ

| | | |
|---|---|---|
| **1.** Нравалык этикалык. | **4.** “Эне мектебинде”, чогулуштарда, конференцияларда активдүүлүгү. | **7.** Үй-бүлөдөгү жагымдуу МПК. (Моралдык-психологиялык климат) |
| **2.** Пелагог.-психологиялык билим. | **5.** Үй-бүлөдөгү тарбиялык ишмердүүлүгү. | **8.** Ымала маданияты. |
| **3.** Өз алдынча билимин өркүндөтүү. | **6.** Тарбиялоонун натыйжасы. | **9.** Тарбия баалуулугунун болуусу. |

### МЕТОДДОРУ

| | |
|---|---|
| 1. ЛЕКЦИЯ. | 2. АНГЕМЕ. |
| 3. ДИСПУТ | 4. КОНФЕРЕНЦИЯ, СЕМИНАР. |

### ЖЫЙЫНТЫГЫ

### АТА-ЭНЕЛЕРДИН ПЕДАГОГИКАЛЫК МАДАНИЯТЫНЫН ӨРКҮНДӨӨСҮ

**Корутунду.**

Биздин гимназия-мектебибизде бир канча жылдардан бери жогорудагы моделге негизделип окуу тарбия процесси жүргүзүлүп келет, булардын натыйжасында төмөнкү өзгөрүү, алгачкы ийгиликтерге жетиштик:

- Ата-энелер балдарын сабаттуу тарбиялоонун маанисин түшүнүштү.
- Өз балдарынын дене бой, акыл-эс, адеп-ахлак тарбиясына астейдил кызыгып, көңүл бура башташты.
- Тарбия жөнүндө түрдүү китептерди чогултуп, окуй башташты.
- Мектеп, класс жетекчи менен байланышы чыңдалды. Мектептеги тарбиялык иш чаралар, сабактарга катышуусу жогорулады.
- 90%га жакын ата-энелер эне мектебинде окушуп, балдарынын таалим-тарбиясына жоопкерчилик менен мамиле кыла баштады ж.б.

Булардын натыйжасында мектепте, гимназиябызда окуучулардын билими, тарбияга болгон кызыгуусу артып, олимпиада, ЖРТдан жогорку баллдарды алып, ийгилике жетишкен окуучулардын саны көбөйдү. 99% бүтүрүүчүлөрүбүз ЖРТдан жогору баллдарды алып, Республикабыздын жана чет өлкөлүк ЖОЖдордун бюджеттик бөлүмдөрүндө билим алышууда.

**Адабияттар:**


1. Андреев В.И. Диалектика воспитания и самовоспитания творческой личности. - 1988.
2. Симоненко В.Д. Общая и профессиональная педагогика. / Учебное пособие для педагогических вузов. 2007.
3. Мадаминов Г. Ата-энелер сиздер үчүн. - Бишкек, 2017.
4. Жалилова К., Рысбаев Б. Эне мектеби жана анын коомдогу орду. - Баткен, 2018. - 18-19-бб.
5. Мугалимдер дүйнөсү. / Журнал, №10(102.) - 2016.


**Рецензент: к.пед.н., доцент Боркошев М.М.**